DosTek group

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

# Уюмдун реквизиттерин жана ПИН-кодду өзгөртүү боюнча КОЛДОНМО

«Dos Tek Group» компаниясы уюмуңуздардын реквизиттери жана байланышуу берилмелеринин өзгөрүлүүсүндө, маалыматты өз убагында жаңыртып, актуалдаштырып туруунун зарылдыгы жөнүндө эскертет.

Уюмдун реквизиттеринин (ИНН, аталышы, телефондору, электрондук почта менен даректер, паспорттук маалымат жана башка СОчИ аркылуу жөнөтүлүүчү отчеттулукта катышкан жана колтамга сертификатына жазылуучу реквизиттер) өзгөрүлүүсү жөнүндө өз убактысында билдирүү жасалбаса, туура эмес реквизиттер менен жөнөтүлгөн отчеттордун кесепеттери үчүн жоопкерчилик толугу менен отчет жөнөткөн абонентке жүктөлөт.

1. **«Dos Tek Group» кеңсесине керектүү документтерди алып келүү аркылуу өзгөртүлө турган реквизиттер:**

- **Уюмдун аталышы;**
- **Уюмдун ИННи жана ОКПО коду;**
- **Жетекчинин алмашышы;**
- **Жетекчинин паспорттук берилмелеринин алмашышы;**
- **Бухгалтердин (эгер каралган болсо) жана анын паспорттук берилмелеринин алмашышы;**
- **«ДОС ТЭК ГРУПП»та катталууда көрсөтүлгөн электрондук почта дарегинин алмашышы.**

Жогоруда аталган берилмелердин өзгөрүүсүндө колтамганы жаңыртуу керек, б.а. колдонулуп жаткан колтамга жокко чыгарылып, компаниянын кызматтарына болгон тарифтерге ылайык жылдык төлөму менен жаңы колтамга жасалат.

Ал үчүн «Dos Tek Group» кеңсесине далилдөөчү документтердин көчүрмөсү (мисалы: паспорт, жаңы жетекчи же бухгалтерди иш ордуна бекитүү жөнүндөгү приказ же чечим, мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүк), ошондой эле кайра катталууга керектүү документтер зарыл. Тизме биздин сайттын “Документтер” бөлүмүндө.

- **ПИН-кодду өзгөртүү:**

Жетекчи жана (же) бухгалтердин ПИН-кодун өзгөртүү үчүн «Dos Tek Group» кеңсесине кийинки документтерди алып келүү керек:

- Уюмдун атынан ПИН-кодду алмаштыруу жөнүндөгү расмий кат же заявление, кимдин ПИН-кодун өзгөртүлө турганын жазуу (жетекчи/бухгалтер);
- Уюмдан ишеним кат (мөөр жана кол коюлган оригиналы);
- Ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү.

2. **Кийинки берилмелерди office@dostek.kg электрондук почтасына тастыктоочу документтерди жөнөтүү жолу менен өзгөртүүгө болот – каттын темасына уюмдун ИННин жазуу керек (катты «ДОС ТЭК ГРУПП»та катталган электрондук почтадан жөнөтүү зарыл)**

**Көңүл буруңуздар!** Жаңыртылган берилмелер төмөнкүлөрдө көрсөтүлөт:

- СОчИ системасындагы реквизиттерде;
- Жаңырткандан кийинки мөөнөттөр үчүн тапшырылган отчеттордо;
- Булутта сакталуучу колтамгаларда.

DosTek group
Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

**Паспорттук маалыматтын туура келбестиги:**

Паспорттук маалыматтын туура келбегендигинде – паспорттун оригиналын сканерден өткөрүп:

- ID-паспортттун – эки тарабын;
- Эски түрдөгү паспорттун – сүрөтү, жашаган жери, паспорттун мөөнөтү көрсөтүлгөн барактарын;
- Чет өлкөлүк паспорттун өзүн жана нотариалдык аныкталган котормосу менен тиркөө зарыл.

Паспорттук маалыматты жөнөтүүдө, төмөнкү адамдардын кимисине тиешелүү экенин көрсөтүү керек:

- Жетекчи;
- Башкы бухгалтер;
- Ишенимдүү адам.

Эгер сиз комплекстүү ЭСКК колдонсоңуз (2 же андан ашык уюмду тейлеген), тейлөөчү уюмдардын ИННин көрсөтүү керек.

**ИННдин туура келбестиги:**

ИННдин туура келбегендигинде – "Салык төлөөчүнүн карточкасы" документин сканерден өткөрүп, катка тиркөө зарыл.

**Байланышуу маалыматы:**

- Юридикалык даректин өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде – юстиция органдарынан юридикалык даректин өзгөрүлүшү жөнүндөгү справканы сканерден өткөрүп, катка тиркөө зарыл;
- Жайгашкан даректин өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде – көрсөтүлүүчү дарек жазылган ижара келишими сканерден өткөрүп, катка тиркөө зарыл;
- телефон номерлеринин өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде – катка так маалыматтарды жазып жиберүү.

**ГКЭД маалыматы:**

ГКЭД маалыматынын өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде – катка так маалыматты жазып жиберүү. Жиберилген маалымат Улуттук статистика комитетинин маалыматы менен салыштырылат.

**Соцфонд районунун коду:**

Социалдык фонд кодунун өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде – КР Социалдык фондунан берилген "Төлөөчүнүн камсыздандыруу төгүмү боюнча кабарламасын" сканерден өткөрүп, катка тиркөө зарыл.

**МСК районунун коду:**

МСК кодунуну өзгөрүлүүсүндө же туура келбегендигинде - МСК органдары тарабынан катталган району тууралуу далилдөөчү документти сканерден өткөрүп, катка тиркөө зарыл.

**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**